
# Таттуу жемиш



Автор: Бурул Асакеева

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Таттуу жемиш

Автор: Бурул Асакеева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0.
Эл аралык лицензиясы ( https://creativecommons. org/Licenses/by/4.0/ ) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


"Таттуу жемиш" (кыргыз тилинде), автор Бурул Асакеева,
сүрөтчү Светлана Насынбатова.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Күз келди. Жер-жемиштин баары бышты. Кубат менен Жазгүл алма, алмурут теришип, апасына жардам беришти.



Апасы балдарын мактады.




Түн кирди… Кубат жатары менен уктап калды… Бир кезде кимдир-бирөөнүн сүйлөгөнүн укту.

Караса… Алма адамча сүйлөп жатыптыр. Башка жемиштер угуп отурушат. Бир гана Алмурут көңүл бөлбөй, ойноп жатат.




Алма сөзүн улантты.


– Баарыбыз тең эң таттуубуз, пайдалуубуз. Ар бирибизде А, С, В1, В2, Е деген эң керектүү витаминдер толтура. Кызыл, жашыл, сары болуп ар түрдүүбүз.



Жемиштерди жеген баланын ден соолугу чың болот. Бою өсөт. Көзү жакшы көрөт. Тиши бекем болот. Унутчаак болбойт. Эс-тутуму күчтүү болуп, сабакты жакшы окуйт. Бизди балдар абдан жакшы көрүшөт.




– Туура! Туура! – дешти угуп жаткан жемиштер. Алмурут аларды жактырбай, ары-бери басып, тигилерге жолтоо боло берди.




– Досум, эмне үчүн бизге кошулбай, укпай жатканыңды билем, анткени сен баарыбыздан эрте бышасың да, – деди Алма.

Алмурут уккусу да келген жок.




Ошол учурда Кубаттын атасы келип калды. Баары кубанып кетишти. Атасы жемиштер менен кадимки достордой болуп сүйлөшүп кирди. Кубат таң калды.




– Бул жемиштерди кышында өз-өзүнчө, салкын кампаларда сактоо керек. Муздак болсо, тоңуп, бузулат. Ысык болсо, чирип кетиши мүмкүн. Сен экөөбүз дайыма көз салып турушубуз керек, – деди атасы Кубатка.

– Кана эмесе, бардык жемиштер, мен көрсөткөн кампаларга бөлүнүп баргыла, – деди Кубаттын атасы. Жемиштер топ-тобу менен бөлүнүшүп, кампаларга жөнөп жатышты…

Кубат ойгонуп кетти. Мунун баары түшүндө болгон турбайбы!




Арадан көп убакыт өтпөй, Кубат апасы экөө базарга барышты.

Жемиштер базардын текчелеринде үйүлүп-тизилип турушат. Түшүндө көргөндөй болгон чоң кызыл алманы, жанындагы сапсары болуп бышкан алмурутту бир эже сатып алды, баштыгына салды.

Жука баштыктын ичинде алма менен алмурут жолугушканына сүйүнгөндөй болуп бара жатышты. Кубат көргөн түшүн эстеп, аларды жылмая узатты.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бурул Асакеева
Сүрөтчү Светлана Насынбатова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | **1.3 деңгээли** |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |